**“Макулдашылды”**
**Директор алдындагы кеңешменин чечими**
**“___”.”___”.2022-жыл**

**“Бекитем”**
**мектеп директору**
**Өмүрбеков М.М.________**

# М. Барпиев атындагы №19 “Жылгын” жалпы орто билим берүүчү мектеби “Абай” мектептик олимпиаданы өткөрүүнүн жобосу.

Мектеп ичинде өткөрүлүүчү “Абай” мектептик олимпиаданын жоболору:

**Жалпы жобо:**
2022-2023- окуу жылында жүргүзүлгөн “Абай” мектептик олимпиадасын таланттуу, өзгөчөлөнгөн балдарды тандап, таанып билүүсүн, кызыгууларын өркүндөтүү үчүн өткөрүлөт.

Биздин мектепте өткөрүп жаткан “Абай” мектеп олимпиадасы – биринчи этабы катышуучулардын саны жана курамы көз карандысыз аныкталат. Олимпиадага 5-11 класстын окуучуларынын баары катыша алат. Олимпиада чейректин башында мектептин иш планына жараша өткөрүү убагы тандалат. “Абай”мектептик олимпиаданын биринчи этабынын уюштуруу коммитетинин жана калыстардын функцияларын предметтик мугалимдер чогуу бирдиктүү аткарышат.

Педогогикалык-коллективдик талантту окуучулар менен ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы – “Абай” мектептик олимпиада, ал окуу сабактарынын гана эмес, класстан тышкары ишмердүүлүктүн (кружоктордун, секциялардын ж.б), окуучулардын чыгармачылык өнүгүшүнүн, өз алдынча мааалымат топтоп изденүүчүлүгүнүн, илимий-көрүнүктүү адабияттар менен кызыгууларынын, интернет менен достошкондугунун жыйынтыгы.

Мектептик олимпиаданы төмөнкү предметтер боюнча өткөрүүгө болот: кыргыз тили чет тил, информатика, тарых, физика, математика, химия, биология, география, орус тили жана башка жалпы республикалык олимпиада кайсы предметтерден өткөрүлсө, ошол предметтер алынат.

1-этабында ар бир предмет мугалим 20 тесттик суроо жана кошумча талдоо, карта, практикалык иштерди колдонот. чейректин 2-жарымында өткөрүлөт.

2-этабы ар бир класстан 3 төн жеңүүчүлөрү арасында чейректин 2-жарымынан кийин өткөрүлөт.

Аларга атайын комиссиянын курамы: Предметтик, ЖРТнын жана PISA нын тесттерин колдонуп иштеп чыгат. Тест 50 суроодон турат.

**Олимпиаданын маселелери:**

Окуучулардын чыгармачылык ишмердуулукко кызыгууларын өнүктүрүү жана илимий билимдүүлүктү жайылтуу.

Таланттуу балдар менен иш алып баруунун программасынын алкагында кесип тандоого, багыттоого жана жөндөмдүүлүктөрүн колдонууга шарттарды түзүү.

Окуучуларды илимий-практикалык ишмердүүлүккө тартуу.

Балдардын дуйно таанымын, аң сезимин онүктүрүү максатында Республикабыздын жана чет олконүн окуу борборлору менен таанышуу.

“Абай” мектептик олимпиаданын 2- туруна предметтик жеңүүчүлөрүн тандап алуу.

**2.”Абай”мектептик олимпиаданын 2-турунун өткорүүнун тартиби.**

2.1. Ар бир предметтен 3төн жеңүүчулөрү “Абай” мектептик олимпиаданын 2-туруна жолдомо алат.

2.2. Атайын түзүлгөн комиссия тарабынан 40 тесттик суроо аркылуу 2 тур откорүлот

2.3.Тестин жыйынтыгы менен ар бир класстан 3 жеңүүчү тандалат.

2.4.Тест атайын окуу предметтен , ЖРТнын материалдарынан, PISA-2025 тен алынып даярдалат.

2.5. “Абай” мектептик олимпиада -атайын комиссия тарабынан өткөрүлот, жыйынтыгын комиссия өзү чыгарат.

2.6.Окуучулардын иштери протокол менен бирге тапшырылат.

2.7.Атайын жолдомо менен демөөрчу тарабынан  Республиканын окуу борборлоруна, музейлерге жана тарыхый жерлерге саякатка чыгышат.

## 3"Абай"мектептик олимпиаданын уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартиби:

3.1. Жалпы билим берүүчү мекеменин методикалык бирикмесинин төрайымы (методикалык бирикменин жетекчиси) – мектептик предметтик олимпиаданы өткөрүүгө жооптууу.

3.2. "Абай" мектептик олимпиаданын тапшырмаларынын тексттерин сабак берген мугалимдер предметтин өзгөчөлүгүн эске алуу менен түзүп чыгып методикалык бирикменин кеңешмесинде талкууга коюлат, андан кийин бекитүүгө жиберилет. Ар бир тапшырмага берилүүчү баллдар, маселелердин чыгарылыштары, жооптору да тиркелет.

3.3. "Абай" мектептик олимпиаданы окуу күндөрү, жалпы билим берүүчү жетекчилигинин уруксаты менен сабактан кийин же кружоктук иштин отурумдарында өткөрөт.

3.4. "Абай" мектептик олимпиада бардык параллель класстар үчүн бир күндө же бекитилген график боюнча өткөрүлөт.

3.5. Параллель класстар менен"Абай" мектептик олимпиаданы бир же бир нече мугалимдер өткөрсө болот.

3.6. "Абай" мектептик олимпиада жүрүп жатканда администрациянын мүчөлөрү же методикалык бирикменин мүчөлөрү катышса болот.

3.7. Окуучуларга "Абай" мектептик олимпиаданын өткөрүү мөөнөтү жана тартиби менен он күн эрте тааныштыруу керек.

3.8. "Абай"  мектептик олимпиаданын жазуу иштерин предметтик мугалимдер текшеришет.  Ар бир тапшырма өзүнчө бааланат.

3.9. "Абай"  мектептик олимпиаданын жыйынтыктары эки күндүн аралыгында чыгарылып окуучуларга жарыяланат.

3.10. Берилген бардык тапшырмалардан жогорку балл алгандар “Абай” мектептик олимпиаданын жеңүүчүсү болот да, ар бир параллельдер боюнча биринчи, экинчи жана үчүнчү орундар бөлүштүрүлөт.

3.11. “Абай” мектептик олимпиаданын биринчи этабынын жеңүүчүлөрү мектеп коллективинин маалымат баракчасына белгилүү болот.

3.12.Окуучулардын “Абай” мектептик олимпиадалык иштери жана протоколдору толугу менен мектептин ОТИДОБ на тапшырылат.

## 4“Абай” мектептик олимпиадага катышуучулардын укуктары.

4.1 Эгерде, олимпиадага катышуучу ооруп калса, же башка негиздүү себептер менен катыша албай калса, кийинки күндөргө жылдырып алууга укуктуу.
4.2. “Абай” мектептик олимпиадага катышкан окуучу өзүнүн иши менен жыйынтык чыккандан кийин таанышууга укуктуу

## 5. “Абай” мектептик олимпиаданы өткөрүүдө предметтик мугалимдеринин жоопкерчиликтери

5.1 “Абай” мектептик олимпиаданын жүрүшщүндө предметтик мугалимдер тапшырмаарды өз убагында даярдабай графикти бузгандыгы үчүн жооп берет.

5.2. “Абай” мектептик олимпиада өтүп жаткан убакта окуучулардын ден соолугуна жана өмүрүно жооп берет.

## 6. “Абай” мектептик олимпиаданын өндүрүштук ишмердүүлүүгүнүн жыйынтыгы

6.1. “Абай” мектептик олимпиаданын өтүшүнүн отчетуна жооптуу болуп - предмет мугалимдер жана комиссиянын курамы эсептелет.

6.2. Комиссиянын курамы – 1-2-3-орунду ээлеген жеңүүчүлөрдүн тизмесин жана көрсөтүлгөн отчетту мектеп директоруна 2-тур аяктагандан 3 күндөн кечиктирбей тапшыруу керек.